Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы пед.кеңешинин
ПРОТОКОЛУ

04.11.2022-ж. №3 **Кара-Балта шаары**

**Төрайымы:** З.М.Шатенова
**Катчы:** Э.И.Чотова
**Катышкан мугалимдердин саны:** 69
**КҮН ТАРТИБИ:**
1) 2022-2023-окуу жылында I чейрек жыйынтыгы. Электродук Күндөлүк программасы менен иштөөнүн 1-чейректеги жыйынтыгы.

**Баяндамачы:**
ОТИ боюнча директордун орун басары А.Р.Карасартова

2) Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектебинин аталышы боюнча өзгөртүүлөрү жөнүндө
3) ПИЗА программасы боюнча иш алып баруу
4) 6,9-класстардын кыскарышы боюнча

**Баяндамачы:**
мектеп директору
З.М.Шатенова

5) Доклад: “Функционалдык сабатттуулук-билимдин жыйынтыгы.”

**Баяндамачы:**
физика мугалими
Кавунова Т.Н.

6) КРнын Билим берүү мыйзамы жөнүндө

**Баяндамачы:**
УБ катчысы, орус тили мугалими

Жихарева Н.Н.

УГУЛДУ:
1- *маселе* боюнча I чейрек жыйынтыгы менен ОТИ боюнча директордун орун басары Карасартова А.Р.. тааныштырып өттү:

**1.1.**№1 орто мектебинде 2022-2023-окуу жылынын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча 3-11-класcстардын окуучуларынын билим деңгээлине жана билим сапатына талдоо жүргүзүү жөнүндө ар бир класска мониторинг жүргүзүлдү. **(Тиркеме №1)**
1.2.Чейрек ичинде бир сабактан “3” деген баа алып, резервдеги окуучулар аныкталды жана бааны 2-чейректе оңдоо үчүн предмет мугалимдери мындан ары окуучулар менен тыгыз байланышта болушу керек экендигин айтты. **(Тиркеме №2)**
1.3. Класстык журналдар атайын комиссиянын негизинде текшерилип, Маалым катта жазылды. **(Тиркеме №3)**

1.4.Электрондук күндөлүк программасы менен иштөө жөнүндө маалымат берди.

-1-чейрек учурунда "Күндөлүк" электрондук системасы кызматынын жардамы менен ар бир ата-эне, электрондук тиркеме аркылуу балдарынын сабактардан канча баа алганын ата-энелер көрүп туруугa мүмкүнчүлүк түзүлгөн, мындан сырткары, ата-эне кайсы убакытта баласы мектепке кирип чыкканын, өздөрү кайсыл жерде жүрбөсүн көзөмөлдөп турушту. Ар бир мугалимге логин, пароль берилген. " Күндөлкүк"- мугалим, окуучу жана ата-энелер үчүн да абдан ыңгайлуу жана керектүү каражат. Анын жардамы чоң. Бул программанын негизинде балдарга баа коюлуп,1-чейректин жыйынтыгындагы отчетторду мугалимдер ушул тиркеме аркылуу жыйынтыгын чыгарышып, тапшыра алышты.

***Корутундулар:***

1. Окуу көрсөткүчүнүн төмөндөшү жана билим сапаты төмөн класстардын класс жетекчилери «маалымдама» беришет.
2. Окуу көрсөткүчүнүн сапаты 2021-2022-окуу жылына салыштырмалуу 8%га төмөндөдү.
2. Жыйынтыктоочу класстарда билим сапатынын төмөндүгү (9б-22%, 9в-15%), бул жыйынтыктоочу аттестациянын алдында өзгөчө тынчсыздануунү жаратат.

***Сунуштар:***

1. Предметтик мугалимдер:. бир «3» алган окуучулар менен жекече ишти уюштуруу.
3. 9б,в-класстын класс жетекчилери: окууга болгон мотивацияны жогорулатуу максатында окуучулар жана ата-энелер менен түшүндүрүү, тарбиялоо же профилактикалык иштерди жүргүзүү.
4. Сабакты жүйөлүү себепсиз калтырууга жакын окуучулар менен системалуу профилактикалык иштерди улантуу.
5. Себепсиз сабакка келбей калган окуучуларды аныктоо жана эсепке алуу, күн сайын отчет берүү класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
7. Класс жетекчилер предметтик мугалимдер менен бирдикте окуучулардын кемчиликтерин толтуруунун жеке графигин түзүүнүн үстүндө иштешсин.
8. Ар бир чейректин жыйынтыгында класс жетекчилер окуучулардын билимине алдын ала талдоо жүргүзүшөт, сапаттын төмөндөшүнө жол бербөө үчүн учурдагы чейректин жыйынтыгы боюнча «4» жана «5» деген бааларга тапшырган окуучулардын тизмесин журналдарга тиркешет. билим деңгээли жана чейректин жыйынтыгында бирден «4» же «3» алган окуучулардын болушу.

2- ***маселе:*** Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектебинин аталышы боюнча өзгөртүүлөрү жөнүндө мектеп директору З.М.Шатенова төмөнкүлөргө токтолду:

- Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Чүй-Бишкек Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө 2022-жылдын 24-октябрындагы КҮБӨЛҮКтүн негизинде Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектеби мындан ары***-" Кара-Балта шаарындагы №1 жалпы билим берүүорто мектеби"*** болуп аталмакчы экендигин билдирди. **(Тиркеме №4)**

3- ***маселе:*** мектеп директору З.М.Шатенованын маалыматы боюнча **PISA** -2025 окуучулардын билимдеги жетишкендиктерин баалоонун эл аралык программасына даярдык көрүү милдети ар бир мугалимге таандык экенин баса белгилеп, жогрудагы программамга окуучуларды даярдоо окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө, өз оюн айта билүүсүнөбасым жасала тургандыгы жөнүндө кеңири токтолуп өттү. **(Тиркеме №5)**

*Сунуш:* Орус тили УБ жетекчиси Рохлина Т.И.

- эл аралык ПИЗА программасынын тапшырмасына карасак, окуучуларды өз алдынча ой жүгүртүү, өз оюн жаза билүү көндүмдөрүнүн үстүндө иш алып баруу зарыл.

*4-маселе:* 6, 9-класстардын кыскарышы боюнча Кара-Балта шаарындагы №1 жалпы билим берүү орто мектебинде окуучулардын санын көптүгүнөн улам окуу кабинеттеринин жетишсиздигинин негизинде 6,9-класстардан бирден класс жоюлуусу зарыл экендигин мектеп директору мугалимдер жамаатына талкууга коюп, 2022-2023-окуу жылынын 1-чейрегинин жыйынтыгы менен 6в-класс (класстын билим сапатынын көрсөткүчтү төмөн), 9ж-класс ( окуучулар себепсиз сабактан көп калышкан, класстын билим сапатынын көрсөткүчтү төмөн) кыскартылаары билинди.

*Жарыш сөз:* география мугалими Г.Н.Сыдыкова өз оюнда билим сапаты төмөн болгон классты таркаткан туура экендигин билдирди.

*5-маселе:* “Функционалдык сабатттуулук-билимдин жыйынтыгы.” деген темада физика мугалими Кавунова Т.Н. доклад окуп, презентация менен көрсөтүп берди. **( Тиркеме №6 )**

*6-маселе:* Билим берүү мыйзамы жөнүндө орустили мугалими Жихарева Н.Н. төмөнкүлөргө токтолду:

1) Инклюзивдик билим берүү - билим берүү муктаждыктарынын жана жекече мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен бардык окуп жаткандар үчүн билим берүүнүн бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;"; "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү окуучулар атайын билим берүү, инклюзивдик билим берүү же үйдө билим берүү формаларында билим алууга укуктуу.";

Жалпысынан айтканда окуучулардын ден соолугуна көбүрөөк көңул бөлүнгөн. **( Тиркеме №7 )**

Отурумда көтөрүлгөн суроолорду, талкууларды эске алуу менен **ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. 2022-2023-окуу жылында I чейрек жыйынтыгы боюнча бир сабактан “3” алган 68 окуучу менен предмет мугалимдери тарабынан иш алып барылсын, 2-чейректе мындан ары дагы билим сапатын жогрулатуу керек экендиги мугалимдер тарабынан эске алынсын. Электродук Күндөлүк программасы менен иштөө 2-чейректе күчөтүлсүн, бардык окуучулар, ата-энелертолук тартылсын.
2. Мындан ары №1 орто мектеби “Кара-Балта шаарындагы №1 жалпы билим берүү орто мектеби” деп аталаары документацияларды толтурууда эске алынсын.
3. ПИЗА программасы боюнча окуучуларды даярдоо үчүн мектеп ичинде буйрук, пландар түзүлүп, мугалимдер тарабынан папкалар ырасталып, окуучуларгадаярдоо-текшерүү иштери берилсин.
4. мектепте окуучунун санынын көптүгүнөн, 6в-класстын, 9ж-класстын 1-чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапатынын төмөндүгүнөн улам, 6,9-класстардын кыскартылсын жана класс жетекчилери Авазбекова К., Токтонбаева Б. ата-энелер менен чогулуш өткөрүп, протоколдору жазылсын.
5. Окуучуларды ПИЗАга даярдоодо Функционалдык сабатттуулук жагына көңүл бурулсун.
6. КРнын Билим берүү мыйзамы жөнүндө мугалимдер жамаатына маалымат жеткирилди деп эсептелинсин.

**Мектеп директору:** **З.М.Шатенова**

**Катчы:** **Э.И.Чотова**